КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялоо жөнүндө**

Дүйнөлүк өнүгүү багыттары жана жаңы технологиялар Кыргыз Республикасында оң өзгөрүүлөр, мүмкүнчүлүктөр менен катар эле жаңы сыноолорду пайда кылды. Бул шартта өлкөнүн стратегиялык өнүгүү максаттарына жетүү үчүн мамлекеттин жана коомдун бардык күч-аракетин адамга, анын адеп-ыйманына жана руханий дүйнөсүнө багыттоо зарыл.

2016-жылы өткөрүлгөн Тарых жана маданият жылы жалпы колдоого ээ болуп, элибиздин тарыхый жана маданий мурасынын түгөнгүс кудурет-күчүн ачып көрсөттү жана жаңы кыргыз коомун түзүүгө негиз болгудай пайдубал бар экенин ырастады.

Жарандарыбыздын өз өлкөсүнүн жана элинин тарыхына кызыгуусу өсүп, ата-бабалардын көөнөргүс маданияты менен мурасы жанданды. Байыркы жана бай тарыхы бар, Улуу Каганат курган эл экенибизди жүрөгүбүз менен сездик, жаңы дем, жаңы күч алдык, улуттук сыймыктануу сезими жаралды.

Кыргызстанда 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгына арналган иш-чаралар жогорку мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде белгиленди. Эркиндик үчүн курман болгондор алдында бир кылым бою элдин мойнунда оор жүк болуп келген ыйык парз аткарылды.

Жергебизде өткөрүлгөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары аркылуу Кыргызстандын эл аралык абройу артты. Элибиз биримдиги, маданияты менен салтына өзгөчө аяр мамилеси, жаңычылдыкка жана келечекке умтулуусу менен таанылды. Өлкөбүздүн көчмөндөр цивилизациясынын маданий-руханий ордосу болуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Об объявлении 2017 года Годом нравственности, воспитания и культуры**

Мировые тенденции развития и современные технологии открывают перед Кыргызской Республикой большие возможности и перспективы, но наряду с позитивными изменениями порождают также новые вызовы. Достижение целей стратегического развития страны в этих условиях во многом зависит от способности государства и общества сконцентрировать усилия непосредственно на человеке, его нравственности и духовности.

Проведение в 2016 году Года истории и культуры получило широкую общественную поддержку и показало важность сохранения исторического и культурного наследия, наличие в этих сферах огромного потенциала, который создает основу для формирования современного кыргызстанского общества.

Возрос интерес граждан Кыргызстана к истории своей страны и народа. Новый импульс получили развитие культуры и процессы возрождения духовности. Пришло понимание важности сохранения и развития древней и самобытной культуры Кыргызстана, осознание себя древним народом, которым еще в средние века был образован Великий Каганат.

В 2016 году в Кыргызстане на высоком государственном и международном уровне прошли мероприятия, посвященные 100-летию национально-освободительного восстания 1916 года. Был исполнен в течение века лежавший тяжелым грузом на сердце народа священный долг перед памятью погибших за его свободу.

2016-жыл жаштарыбыздын эл аралык деңгээлдеги жетишкендиктери менен дагы эсте калды. Улуттук маданиятыбызда ата-бабалар мурасын алдыңкы көз караштар жана технологиялар менен ширештирген жаңы көрүнүштөр жаралууда.

Өлкөбүздүн башкы байлыгы – анын жарандары. Учурда кыргыз элинин мезгил сыноосунан өткөн руханий жана адеп-ыймандык асыл-нарктары менен алдыңкы дүйнө таанымды айкаштырган ар тараптан жетик инсанды калыптандыруунун мааниси өстү.

Ушул максатта өзгөчө күч-аракет балдар менен жаштарга багытталууга тийиш. Калкыбыздын жарымынан көбүн 25 жашка чейинкилер түзөт, алар - Кыргыз Республикасынын негизги ресурсу, келечектеги бакыбаттыктын уюткусу.

Кыргызстан ийгиликтүү өнүгүшү үчүн жарандарыбыз, жаштарыбыз адептүү жана ыймандуу, терең билимдүү, башка ой-пикирлер менен көз караштарга сабырдуу болуп тарбиялануута жана, албетте, өз элинин тарыхы менен маданиятын билүүгө тийиш.

Ошондуктан, азыркы шартта заманбап билим берүү, маданият жана маалымат саясатын калыптандыруу, өз тарыхыбыз менен маданиятыбызга таянуу аркылуу таалим-тарбия системасын түзүү мамлекеттин маанилүү милдети болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын стратегиялык милдеттерин жүзөгө ашыруу, мамлекет менен коомдун күч-аракетин түздөн-түз адамга, анын руханий дүйнөсүнө, адеп-ыйманына жана маданиятына багыттоо максатында, ошондой эле коомчулуктун кайрылууларын эске алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасында 2017-жыл Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялансын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталсын:

1) Ыйман, адеп жана маданият жылын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусу менен түзүү;

2) Ыйман, адеп жана маданият жылын өткөрүү боюнча иш-чаралар планын бир ай ичинде иштеп чыгуу, анда негизги багыттар катары төмөнкүлөр каралсын:

- Кыргызстан элинин руханий жана адеп-ыйман баалуулуктары менен алдыңкы дүйнө таанымды айкаштырган жаранды өстүрүүдө мамлекеттин жана коомдун күч-аракеттерин координациялоо;

- ар бир баланын таланты менен шык-жөндөмүн ачуунун жана өстүрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү, заманбап билим берүү, жаштар, демография, маданият жана дин саясатын калыптандыруу;

- жүрүм-турум жана укуктук маданияттын, өз ара урмат-сыйдын, көмөктөшүүнүн жана жарандык тилектештиктин өрнөктөрүн жайылтуу;

Всемирные игры кочевников получили широкое признание и открыли миру новый Кыргызстан, страну, уважающую свою культуру и традиции и в то же время устремленную в будущее. Кыргызстан получил возможность стать культурно-духовным центром кочевой цивилизации.

2016 год был отмечен также достижениями молодых кыргызстанцев на международных творческих конкурсах и фестивалях. Зарождаются ростки новых явлений в культуре, синтезирующие современный взгляд и технологии с культурным наследием.

Главное богатство нашей страны – это ее граждане. И на нынешнем этапе особое значение приобретают вопросы формирования всесторонне развитой личности, сочетающей в себе испытанные веками духовно-нравственные ценности народа Кыргызстана и современное мировоззрение.

Особые усилия должны быть направлены на детей и молодежь. Кыргызстанцы в возрасте моложе 25 лет составляют более половины населения страны. Это ключевой ресурс Кыргызской Республики, основа ее будущего благополучия.

И чтобы Кыргызстан успешно развивался, граждане страны, представители молодого поколения должны иметь высокую внутреннюю культуру, быть хорошо образованными, воспитанными в духе толерантности и терпимости к иным мнениям и взглядам и, конечно же, знать историю и культуру родного народа.

Поэтому важнейшей задачей государства на современном этапе является формирование современной образовательной, культурной и информационной политики государства, системы воспитания с опорой на собственные историю и культуру.

В целях реализации задач стратегического развития Кыргызской Республики, концентрации усилий государства и общества непосредственно на человеке, его духовности, нравственности и уровне культуры, а также принимая во внимание обращения общественности, **постановляю:**

1. Объявить 2017 год в Кыргызской Республике Годом нравственности, воспитания и культуры.

2. Рекомендовать Правительству Кыргызской Республики:

1) образовать организационный комитет по проведению Года нравственности, воспитания и культуры с участием представителей гражданского общества;

2) в течение месяца разработать план мероприятий по проведению Года нравственности, воспитания и культуры, в котором в качестве главных приоритетов предусмотреть:

3) жалпыга маалымдоо каражаттары менен бирге Ыйман, адеп жана маданият жылынын идеяларын жайылтууну жана иш-чараларын натыйжалуу чагылдырууну камсыз кылуу.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

Бишкек ш.
2017-жылдын 5-январы
ПЖ № 1

- координацию усилий государственных органов и общества по формированию гражданина, сочетающего в себе духовно-нравственные ценности народа Кыргызстана и современное мировоззрение;

- создание эффективной системы выявления и поддержки талантов и способностей у каждого ребенка, формирование современной образовательной, молодежной, демографической, культурной и религиозной политики;

- популяризацию позитивных примеров поведенческой и правовой культуры, взаимоуважения, взаимопомощи и гражданской солидарности;

3) во взаимодействии со средствами массовой информации обеспечить эффективную информационную работу по популяризации идей и освещению мероприятий Года нравственности, воспитания и культуры.

3. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на Руководителя Аппарата Президента Кыргызской Республики.

4. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
5 января 2017 года
УП № 1